Каратаев У.Б., Мамажонов Ё.Н.

# ФИЗКУЛЬТУРА ЖАНА СПОРТ ТАРМАГЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР

Каратаев У.Б., Мамажонов Ё.Н.

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ В ОБЛАСТИ ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ И СПОРТА

Karataev U., Mamajonov Yo.

# PEDAGOGICAL TECHNOLOGIES AND INNOVATIONS IN THE FIELD OF PHYSICAL CULTURE AND SPORTS

УДК: 37:378

Макалада педагогикалык технологиялар, инновация түшүнүктөрүнүн аныктамаларына токтолуп, физкультура жана спорт тармагында кантип колдонулушунуна анализ берилди. Учурда педагогикалык технологиялар термини өзүнө окутуу процессин методикалык жактан жабдууну гана камтыбастан (аны техникалык жактан жабдуу жана мугалимдин методиканы билүүсү), анын маанилүү жагын, окутуу ыкмаларын жана түрлөрүн тандоого жараша окутуунун максатын жана маанисин да камтыйт. Ошондуктан, педагогикалык технологиялар деп окутуунун бүтүндөй процесси жана окуу жайларындагы таалим-тарбияны уюштуруу иши түшүнүлөт. Аны менен биргеликте инновациялык окутуунун жүрүшү кандай болот, анын кандай таасирилери бар экендиги көрсөтүлдү. Мектепке чейинки, мектептеги билим берүү дене тарбия жана дене тарбия чөйрөсүндөгү инновациялык педагогикалык технологияларды эске алуу менен, окутуу методунун өзгөчөлүгүн аныктоого болору айтылды.

Ачкыч сөздөр: педагогикалык технология, инновация, окутуу, процесс, мугалим, сабак, окуучулар, көнүгүүлөр, машыгуу, физкультура ж.б.

В статье основное внимание определениям понятий педагогические технологии, инновации, а также проанализировано, как они используются в сфере физического воспитания и спорта. В настоящее время термин педагогические технологии включает в себя не только методическую оснащенность процесса обучения (его техническую оснащенность и знание метода учителем), но также цель и смысл обучения в зависимости от выбора методов и видов обучения. Поэтому под педагогическими технологиями понимают весь процесс обучения и работу по организации образования в образовательном учреждении. В сотрудничестве с ним было показано, как проходит курс инновационного обучения, какие эффекты оно оказывает. Было сказано, что можно определить особенности метода обучения с учетом инновационных педагогических технологий в области физического воспитания и физического воспитания в дошкольном и школьном образовании.

Ключевые слова: педагогическая технология, инновация, обучение, процесс, учитель, урок, учащиеся, упражнения, тренировка, физическая культура и др.

The article focuses on definitions of the concepts of pedagogical technologies, innovations, and also analyzes how they are used in the field of physical education and sports. Currently, the term pedagogical technologies includes not only the methodological equipment of the teaching process (its technical equipment and the teacher's knowledge of the method), but also the purpose and meaning of teaching depending on the choice of teaching methods and types. Therefore, pedagogical technologies are understood as the whole process of teaching and the work of organizing education in an educational institution. In cooperation with him, it was shown how the course of innovative teaching is, what effects it has. It was said that it is possible to determine the peculiarities of the teaching method, taking into account the innovative pedagogical technologies in the field of physical education and physical education in preschool and school education.

Keywords: pedagogical technology, innovation, teaching, process, teacher, lesson, students, exercises, training, physical culture, etc.

Дене тарбиясы ден соолук үчүн абдан пайдалуу. Кыймылсыз жашоо образы жана семирүү менен байланышкан көйгөйлөр барган сайын кеңири таралган заманбап коомдо мектептеги дене тарбия бул көйгөйлөрдүн алдын алууда жана оңдоодо маанилүү ролду ойнойт. Дене тарбия окуучулардын жалпы физикалык өнүгүүсүнө салым кошуп, ден соолугун чыңдап, сергек жашоо образын калыптандырууга көмөктөшөт. Ал ошондой эле социалдаштырууда, командалык духту өнүктүрүүдө жана балдардын психоэмоционалдык абалын чыңдоодо маанилүү роль ойнойт. Дене тарбия сабагын жаңы педагогикалык технологиялар менен, инновациялык окутууга токтолобуз.

Педагогикалык технологиялар- билим берүү процессинин өзгөрүп жаткан шарттарында (адистик жогорку билим берүүнүн стандарты) ага прогноз жана диагностика берүү үчүн инструментарий даярдаган процедура- лардын, операциялардын, кыймыл-аракеттердин биримдиги;

- социалдык тажрыйбаларды чагылдыруунун форма, ыкма, метод жана каражаттарынын биримдик-байланышы, ошол процесстин техникалык жактан ишке ашырылыш жолу. [1]

"Педагогикалык технологиялар" түшүнүгү орус тилиндеги педагоги- калык лексикондо англис тилиндеги «educational technology» деген сөздүн котормосу. Германиянын батыш бөлүгүндө «educational technology» термини мугалимдин кесиби менен байланыштуу каралат. Негизинен ал окутуунун техникалык каражаттарын колдоно билүү менен сабак өтүүдө ыкмалык ре- пертуарга ээ болууга негизделген.

Учурда бул термин өзүнө окутуу процессин методикалык жактан жабдууну гана камтыбастан (аны техникалык жактан жабдуу жана мугалимдин методиканы билүүсү), анын маанилүү жагын, окутуу ыкмаларын жана түрлөрүн тандоого жараша окутуунун максатын жана маанисин да камтыйт. Ошондуктан, педагогикалык технологиялар деп окутуунун бүтүндөй процесси жана окуу жайларындагы таалим-тарбияны уюштуруу иши түшүнүлөт. Өсүп келе жаткан жаш муунду окутуу-тарбиялоону уюштуруу процессин талдоо бир эл эле жүз жылдыкка эсептелбейт. Окумуштуу педагогдор окутуу иши уюштурула турган реалдуулукту эске алуу менен, окутуу процессин жакшыртуунун педагог-философтор да сабакты уюштуруунун шарттарын жана ыкмаларын талдап көрүшкөн, тигил же бул педагогикалык системанын алкагында уюштуруучулук жактан тариздөөгө негизденүү менен, окутууну активдештирүүнүн мүмкүнчүлүгү боюнча маселелерди талкуулашкан. [3]

Дене маданияты (физическая культура) - адамдын денесин, дене сапаттарын жана ден соолугун чыңдоо максатында атайын аткарылуучу иш- аракет, адам баласы тарабынан иштелип чыккан жана тандалып алынган жана рухий баалуулуктардын түзүмү. Материалдык баалуулуктар катары спорттук мааниге ээ болгон курулуштарды, стадиондорду, бассейндерди, машыгуу залдарын ж.б., ал эми рухий баалуулуктар катары дене маданияты теориясын, атайын иштелип чыккан дене тарбия методикасын, спорттук илимдин өнүгүшүн, басылып чыккан китептерди жана атайын даярдыгы бар адистерди таанышат.[3]

Дене тарбия чөйрөсүндөгү педагогикалык технология билим берүүнүн натыйжалуу формасын түзүү максатында техникалык жана адамдык ресурстарды жана бул ресурстардын өз ара аракеттенүүсүн эске алуу менен окуу процессин жана билимди өздөштүрүү процессин пландаштыруунун жана баалоонун системалуу ыкмасын камтыйт. Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, технология педагогиканы так илимге жакындатып, окутуу практикасын уюшкан жана башкара турганын белгилейт.

Оюн технологиялары. Белгилүү болгондой, оюн мектеп окуучуларынын жана мектепке чейинки курактагы балдардын негизги иш-аракети болуп саналат. Ушуга байланыштуу сырткы оюндарды физикалык сапаттарды өнүктүрүү, физикалык процесстерди аткарууда көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн колдонуу зарыл. Бала чоңойгон сайын сыртта ойнолуучу оюндар актуалдуулугун жоготпой турганын, бирок ар бир курактын өзүнүн оюн комплекси бар экенин белгилей кетүү маанилүү. Оюн технологияларын колдонуунун аркасында окуучулар дене тарбия жана спорт сабактарына ырахаттанып барышат.

Маалыматтык компьютердик технологияларды дене тарбия сабактарында теориялык маалыматтар үчүн эң аз убакытты талап кылат, ошондуктан маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу бул маселени чечүүгө мүмкүндүк берет - дене тарбия жана спортко тиешелүү презентацияларды, фотосүрөттөрдү жана фильмдерди көрүүгө болот.

Инновация адамдын ар кандай кесиптик ишмердигине мүнөздүү. Инновациялар өзүнөн өзү пайда болбойт, алар алдыңкы педагогикалык илимий изденүүлөрдүн натыйжасы, айрым мугалимдердин жана бүткүл коллективдердин тажрыйбасы.

«Инновация» - эки сөздөн турган термин. Термин катары бул сөздүн колдонулуу чөйрөсү өтө кеңири, бүгүнкү күндө билим берүүдө гана эмес, өндүрүштө, илимде, башкарууда ж.б. жигердүү пайдаланылып жатат. Биринчи бөлүгү - ин: «ичинен», «өзүнөн» деген маанини, ал эми экинчи бөлүгү - новация: «жаңылануу», «өзгөрүү» түшүнүгүн туюндурат. Демек, анын негизги лексикалык мааниси - өзүнөн (ичинен) өзгөрүү (жаңылануу), жаңылануулары киргизүү». Дене тарбия сабагындагы инновациялык жолдор менен окутууну талдоого алабыз.[2]

Мектепке чейинки, мектептеги билим берүү дене тарбия жана дене тарбия чөйрөсүндөгү инновациялык педагогикалык технологияларды эске алуу менен, бул окутуу методунун өзгөчөлүгүн аныктоого болот:

- Салттуу окутууга караганда инновациялык окутуу баланын кыймыл аракетинин өнүгүшүнө

өбөлгө түзөт;

- Инновациялык педагогикалык технологиялар балдардын дене тарбиясынын калыптанып калган системасын толуктайт;
- Дене тарбия адистеринин педагогикалык технологияларды тандоодогу инновациялык мамилеси баланын физикалык жактан гана эмес, ар тараптуу өнүгүүсүнө, анын инсандыгын калыптандырууга жана ден соолугунун чың болушуна шарт түзөт.

Заманбап дене маданиятында инновациялык жолдор менен окутууда төрт өзгөчөлүктү эске алуу маанилүү:

- идеялык так багыттын болушу (идейность);
- элдик мүнөздүн орун алышы (народность);
- эл аралык маанайдын сакталышы (интернациональность);
- прогрессивдүү умтулуунун коштоп турушу (прогрессивность) зарыл.

Идеялык так багыттын болушу заманбап дене маданияты гумандуу коомдун койгон талаптарына толук жооп берип турушун шарттайт. Элдик мүнөздүн орун алышы коомдо жашап жаткан калктын бардык катмарынын (бай же кедей экендигине карабай) дене маданиятына болгон муктаждыгын, мүдөө-талаптарын бирдей деңгээлде канааттандырууну камсыз кылууну билдирет. Эл аралык маанайдын сакталышы коомдо жашап жаткан бардык улуттардын өкүлдөрүнүн дене маданиятына болгон укугу бирдей экендигин таанууну талап кылса, прогрессивдүү умтулуунун коштоп турушу адамды эмгекке жана Ата Мекенди коргоого тарбиялаган дене маданияты коомду өнүктүрүүчү күч экендигин таанууну билдирет.[4]

Дене тарбия жана спорт тармагындагы педагогикалык технологиялар – дене тарбия сабагын уюштуруунун жана өткөрүүнүн ыкмаларынын, формаларынын жана усулдарынын жыйындысы. Сабактарды кызыктуу, пайдалуу жана коопсуз өткөрүү үчүн мугалимдер салттуу ыкмаларды гана эмес, инновациялык ыкмаларды да колдонушат. Инновациялык ыкмалардын бири- интерактивдүү методдорду карайбыз.

Интерактивдүүлүк термини латын тилиндеги иштер (inter) ортосу, актив (activus) - аракеттүүлүк, жигердүүлүк дегенди түшүндүрөт. Демек, мында кеп эки ортодогу- окуучу менен окуучунун, мугалим менен - окуучунун ортосундагы аракеттүүлүк, жигердүүлүк, өз ара жандуу интеллектуалдык аракеттенишүүлөрү туурасында жүрүп жатат. Окутуудагы интерактивдүүлүк - бул сабак процессинде окуучулардын өз ара жана мугалим менен дайыма тыгыз пикир алышууда болуусу, программалык материалды өздөштүрүүгө карата биргелешкен, демилгелүү иш-аракеттери, жыйынтыгында иреттүү белгилүү бир тыянак-корутундуларга келиши. Дагы да тактап айтсак, окутуудагы интерактивдүүлүктү класстагы субъекттердин ортосунда үзгүлтүксүз жүрүп туруучу демилгелүү алака-катыш, педагогикалык процесстин тездик менен активдешүүсү катары түшүнгөнүбүз туура болот.

Окутуудагы интерактивдүүлүктү, окутуунун интерактивдүү каражатта рын интерактивдүү усул (метод) деп кабылдоо, түшүнүү, колдонууга алуу бир катар окумуштуу-методисттер, аларды ээрчиген мектеп мугалимдеринин арасында да кенири таралышка ээ болууда. А чынында окугуудагы интерактивдүүлүк эч кандай өз алдынчалуу окутуу усулу болуп эсептелинбейт, ал – окутуу усулунан алда канча кеңири түшүнүк, жогоруда белгиленип кеткендей, мектепте сабак өтүүдөгү дидактикалык иш– аракеттердин өзүнчө бир системасы.[5]

Заманбап мектеп окуучусу мугалим берген маалыматты жөн гана угууну жана кабыл алууну каалабайт, ал тапшырмалардын татаалдыгын өз алдынча тандоого үйрөнүүгө аракет кылат, алдыга максат коюп, керектүү материалды табат. Ошондуктан дене тарбия мугалиминин алдында бир канча милдеттер турат:

-окуучуларга, студенттерге өтүлгөн тема тууралуу китептерден, интернет булактарынын окуу материалдарын табууга, аны өздөштүрүүгө багыт берүү; Анткени, заманбап мектеп окуучусу мугалим берген маалыматты жөн гана угууну жана кабыл алууну каалабайт, ал тапшырмалардын татаалдыгын өз алдынча тандоого үйрөнүүгө аракет кылат, алдыга максат коюп, керектүү материалды табат.

-сабакты пландап жатканда темага жараша жабдуулардын талапка жооп беришин карап чыгуу;

- бүгүнкү заман талабына жооп бере турган окутуунун методдорун, каражаттарын изилдеп, өздөштүрүү;

- окуучулардын, студенттердин оюн угуу, сыйлоо менен аларга сабакта көнүгүүлөрдү, тапшырмаларды көрсөтүп берүүсүнө шарт түзүү.

Дене тарбия жана спорт окуучуларга, студенттерге ишмердүүлүктүн кайсы гана тармагында болбосун татыктуу ийгиликтерге жетишүүгө жол көрсөтүүчү зарыл инсандык сапаттарды ачууга жана өстүрүүгө мүмкүндүк берет. Ошондуктан кытай элинин макалында айтылат: «Мага айтсаң унутуп

калам, мага көрсөт, мен эстейм, мага жасатсаң, мен түшүнөм." –дегендей, дене тарбия сабагында көрсөтмөлүүлүк өзгөчө турат. Бул сөздөр интерактивдүү окутуунун маңызын чагылдырат. Анткени, ар бир көнүгүүнүн туура жасалышы да мааниге ээ. Туура дем алып, дем чыгарып, тулку бойду туура кармоого чейин үйрөтүү мугалимдин негизги иш аракеттеринин бири. Мектеп окуучуларына техникалык каражаттар менен жакшы жабдылган- өтө активдүү, заманбап толук кандуу дене тарбия сабагы керек. Бул өзгөчө маанилүү. Балдарды кээ бир физикалык көнүгүүлөрдү аткарууда аң-сезимдүү болууга жана алардын денесин билүүгө үйрөтүү – азыркы дене тарбия сабактарынын милдеттери.

Дене тарбия жана спорт студенттерге ишмердүүлүктүн кайсы гана тармагында болбосун татыктуу ийгиликтерге жетишүүгө мүмкүндүк берүүчү зарыл инсандык сапаттарды ачууга жана өстүрүүгө мүмкүндүк берет. Демек, спорт инсандын өзүн-өзү өнүктүрүү процессинде алдыңкы планга чыгып, адамдын бардык руханий жана адеп-ахлактык көрүнүштөрүндө анын мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга салым кошууда, анткени дал спорттун жүрүшүндө шарттар түзүлөт.

Дене тарбия жана спорт адамдын физикалык абалын оптималдаштырууну, сергек жана активдүү жашоо образын уюштурууну камтыган эң маанилүү социалдык функцияларды аткарат. Дене тарбиянын аркасында сиз турмуштук практикага жана эмгектин кээ бир түрлөрүнө даярдана аласыз. Педагогикалык ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу багыты болуп сабакта да, класстан тышкаркы иштерде да заманбап, инновациялык технологияларды колдонуу аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу болуп саналат. Дене тарбия мугалимдери заманбап технологияларды колдонуу менен окуучулардын физикалык сапаттарын гана өркүндөтпөстөн, алардын чыгармачылык потенциалын да өнүктүрө алышат.

Мектептеги физикалык активдүүлүк концентрацияны жакшыртууга, жалпы билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга жана стрессти азайтууга жардам берет. Дене тарбия ошондой эле өзүн-өзү жөнгө салуу, жоопкерчилик жана кармануу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Дене тарбия жана спорт тармагына педагогикалык технологияларды жана инновацияларды киргизүү окуунун натыйжалуулугун жана окуучулардын мотивациясын жогорулата алат. Ошондой эле дистанттык сабактарды уюштуруу үчүн заманбап байланыш каражаттарын киргизип, машыгуу жана физикалык активдүүлүккө көз салуу үчүн мобилдик тиркемелерди колдонсоңуз болот. Тажрыйбаны кызыктуураак кылуу үчүн оюн механикасынын жана атаандаштыктын элементтерин бириктирүү да маанилүү. Виртуалдык реалдуулук чөйрөсүндөгү технологиялык инновациялар ар кандай спорттук шарттарды имитациялоо аркылуу машыгуу тажрыйбасын байыта алат.

Ошентип, дене тарбия жана спорт боюнча заманбап технологиялар биринчи кезекте төмөнкүдөй белгилер менен мүнөздөлөт:

- илимий негизделген жана эксперименталдык жактан текшерилген дидактикалык жаңылыктардын болушу;
- үнөмдүүлүк (окуучунун жана тренер-мугалимдин каражатын, күчүн жана убактысын минималдуу чыгымдоо менен окуу максаттарына жетүү;
- билим берүүдө интеграциянын болушу- сабакта предмет аралык байланыш;
- техникалык каражаттарды жана компьютерлерди колдонуу.[6]

Жыйынтыктап айтканда дене тарбия мугалиминин алдында бир канча милдеттер турат:

- окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн, алардын дене тарбия деңгээлин жана жалпы билим берүү максаттарын эске алуу менен сабактын программаларын түзөт;
- балдарга ден соолук жана өнүгүү үчүн зарыл болгон ар кандай спорттун түрлөрүн, көнүгүүлөрдү, оюндарды жана ыкмаларды үйрөтөт;
- дене тарбия жана спортко кызыгууну арттыруу үчүн спорттук мелдештерди, турнирлерди, олимпиадаларды жана башка иш-чараларды уюштурат жана өткөрөт;
- окуучулардын физикалык даярдыгын жана алардын сабактарга жана мелдештерге катышуусун жана ийгиликтерин баалайт;
- окуучуларга туура тамактануу, гигиеналык көндүмдөрдү жана физикалык активдүүлүктүн маанилүүлүгүн үйрөтүү менен аларды сергек жашоо образын жайылтууда негизги ролду ойнойт;
- окуучуларга, студенттерге командада иштөө, атаандаштарды сыйлоо, өзүн-өзү тартипке салуу, ишеним жана өзүн-өзү өркүндөтүүнү каалоо сыяктуу сапаттарды өнүктүрүүгө жардам берет;
- көбүнчө ата-энелер менен байланышта болуп, балдарынын физикалык өнүгүүсүндөгү жетишкендиктери жөнүндө кабардар кылып турат. Ал ошондой эле окуу процессин координациялоо жана физикалык активдүүлүктүн жалпы билим берүү программасына интеграцияланышын камсыздоо үчүн башка мугалимдер жана мектеп администрациялары менен кызматташуу менен дене тарбия жана спорт тармагында заман талабына ылайык педагогикалык технологияларды колдонуу үчүн ар бир мугалим үчүн тынымсыз эмгектенүү, изденүү максатка ылайыктуу.

Адабияттар:

1. Психоло-педагогических словарь- справочник для учителей и руководителей обнеобразовательныхучреждений. Ростов н/Д.:Феникс,1998,436-б.
2. Чыманов Ж.А. Кыргыз тили: Окутуу методдору. – Б., 2007.-59-б
3. Койнова – Цёлнер Ю.В. Башталгыч мектеп активд окутуунун педагогикалык технологиялары –Б.:2020.-144с.
4. Мамытов А.М., Джанузаков К.Ч. Дене маданияты теориясы. Жалпы негиздери: Окуу куралы.- Б.:2011. -184 б.
5. Б.К.Оторбаев, Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу, Бишкек- 2011
6. Губа В. П., Скрипко А. Д. Физическая культура для всех и каждого. М. : Спортивная книга, 2018. 178 с.